**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ТРАНСПОРТА И КОММУНИКАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**Б У Й Р У К** **П Р И К А З**

№ 236 «20» « июль » 2023-ж.(г)

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин системасында коррупциянын келип чыгуу тобокелдиктерин жоюу максатында, «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20 – беренесинин 4 – бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023 – жылдын 31 – майындагы № 293 «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар тууралуу» токтомуна ылайык буйрук кылам:

1. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Министрликтин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, ведомстволук мекеме – ишканаларынын жетекчилери Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги жана тизмекте белгиленген коррупциялык тобокелдикке кабылган кызмат орундарынын тизмеси жол жана транспорт тармактарында мүмкүн болгон коррупциянын алдын алуу боюнча иш – чараларды иштеп чыгууда, кадрлар резервин түзүүдө, мамлекеттик административдик кызмат орундарына дайындоодо, мамлекеттик кызматкерлерди ротациялоону пландаштырууда жана жүргүзүүдө эске алынсын жана колдонулсун.
3. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу Ибрагимов А.М. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өткөрүп берилген ченем жаратуу ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартиби жөнүндө жобонун 18 пунктуна ылайык, ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде буйруктун эки нускадагы көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук түрдө, аны жарыялоонун булактары жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен Кыргыз

Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберсин.

4. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 10 күндүн ичинде күчүнө кирет.

5. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары А.А. Досалиевге жүктөлсүн.

**Министр** **Т.К. Текебаев**

Кыргыз Республикасынын
Транспорт жана коммуникациялар
министрлигинин 2023-жылдын
"20" июлундагы
№236 буйругунун тиркемеси

**Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги**

| № | Мамлекеттик органдын функциясы (ыйгарым укуктары) | Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлар жана кырдаалдар | Коррупциялык тобокелдиктин категориясы: системалуу (реалдуу), потенциалдуу, кырдаалдык | Коррупциялык тобокелдиктин деңгээли (төмөн, орто, жогорку) | Түзүмдүк бөлүмдүн (борбордук аппараттын, аймактык же ведомстволук бөлүмдүн, мекеменин) аталышы | Коррупциялык тобокелдикке кабылган кызмат орундары | Башка мамлекеттик органдарда, ЖӨАБ органдарында коррупциялык тобокелдиктин пайда болушу мүмкүнбү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июлундагы N 55 токтому менен бекитилген Автомобиль жолдорун башкаруу жөнүндө жобонун жана ТКМ жөнүндө жобонун негизинде автомобиль жолдору башкармалыгынын жалпы жетекчилигин ишке ашыруу.<br>ТКМнин жетекчилигине жол | Төмөнкү учурларда мыйзам бузуулар болушу мүмкүн:<br>– ТКМнин мамлекеттик мекемелеринин жана ишканаларынын жетекчилерин даярдоодо жана жылдырууда, кызмат адамдарын аттестациялоо учурунда мыйзамда каралбаган артыкчылыктарды берүү;<br>– кызматтык милдеттеринде | Системалуу | Орто | Автомобиль жолдору башкармалыгы | Начальник | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | башкармалыгына тиешелүү кадрларды дайындоо, аларды кызматынан жылдыруу, сыйлоо жана жазалоо, ошондой эле жол башкармалыгында мамлекеттик кызматкердин мамлекеттик кызматта иштеген мезгилдеги ишмердүүлүгүн баалоонун жыйынтыгы боюнча сунуштарды киргизүү. Жолдорду, курулуштарды, объекттерди жана мүлктөрдү оперативдүү башкарууга катышуу, жол уюмдарынын ишин жөнгө салуу.<br>ТКМне караштуу Жол чарба департаментинин, ТКМне караштуу Кыргызавтожол мамлекеттик ишканысынын, жол тейлөө мекемелеринин өндүрүштүк-чарбалык ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүү, баалоо жана жөнгө салуу, ошондой эле Кыргызжолтрансдолбоор ДИИ мамлекеттик ишканысынын ишин координациялоо | каралган иш-чараларды уюштурууну, пландоону жана өткөрүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук, ведомстволук, локалдык актылардын талаптарын бузуу мүмкүнчүлүгү;<br>– коюлган милдеттердин аткарылышы жөнүндө маалыматтарды бурмалоо, ошондой эле мамлекетке зыян келтирген жол чарба объекттерине оң баа берүү;<br>– белгиленген талаптарды бузуу менен автомобиль жолдорун курууга, оңдоого жана күтүүгө тендер өткөрүү;<br>– ак ниет эмес субъекттердин тендерге катышуусуна жол берүү, алардын кызыкчылыктарын жылдыруу мүмкүнчүлүгүнүн болушу;<br>– ТКМнин буйруктарын жана башка УЧАыларды иштеп чыгууда ишкердиктин айрым категорияларына белгилүү бир артыкчылыктарды берүүчү ченемдерди киргизүү;<br>– жол куруу жаатында мамлекетке зыян келтирүүчү иштерди жүргүзүү жана туура эмес чечимдерди кабыл алуу;<br>– жол тармагында ченемдик талаптарды жана стандарттарды бузуу менен иштерди жана иш-чараларды | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жүргүзүү;<br>– мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө негизсиз жана туура эмес чечимдерди кабыл алуу, ошондой эле мамлекет үчүн пайдалуу эмес шарттарда инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу | | | | | |
| 2 | Автомобиль жана темир жол транспортунун чөйрөсүндө ЧУАлардын долбоорлорун даярдоо жана жылдыруу боюнча иштерди уюштуруу.<br>Автомобиль жана темир жол транспорту башкармалыгын зарыл кадрлар менен толуктоо, аларды ротациялоо, сыйлоо жана тартиптик жаза колдонуу боюнча ТКМнин жетекчилигине сунуш киргизүү.<br>Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министринин автомобиль жана темир жол транспортун тейлеген орун басарына автомобиль жана темир жол транспорту мамлекеттик ишканаларынын жетекчилеринин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө сунуш киргизүү.<br>Тармакты прогноздоо жана эффективдүү иштеши үчүн транспорт боюнча зарыл болгон | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:<br>– ТКМнин буйруктарын иштеп чыгууда ишкердик ишмердиктин айрым категорияларына белгилүү артыкчылыктарды берүүчү ченемдерди киргизүү;<br>– мамлекеттик ишканалардын жетекчилерин дайындоодо мыйзамда каралбаган жеңилдиктерди берүү (протекционизм);<br>– кызматтык (эмгектик) милдеттерин аткарууда алынган маалыматтарды жеке же топтук кызыкчылыктар үчүн пайдалануу, эгерде мындай маалымат расмий таркатылууга тийиш эмес болсо;<br>– кызматтык милдеттеринде каралган иш-чараларды уюштурууну, пландаштырууну жана өткөрүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук, | Системалуу | Төмөн | Транспорт башкармалыгы | Начальник | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | маалыматтарды чогултуу иштерин уюштуруу | ведомстволук, локалдык актылардын талаптарын бузуу мүмкүндүгү | | | | | |
| 3 | Тиешелүү жылга ТКМнин бюджетинин долбоорун иштеп чыгуу жана анын сарамжалдуу пайдаланылышын контролдоо. ТКМнин ведомстволук уюмдарынын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасын, штаттык ырааттамасын туура түзүүнү контролдоо | Ведомствого караштуу уюмдарга бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүүдө кызматтык ыйгарым укуктарды пайдалануу. Кызматтык (эмгектик) милдеттерине ылайык чечим кабыл алууну талап кылган учурларда аракет кылуу же аракетсиздик | Системалуу | Төмөн | Экономика, талдоо жана стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы | Начальник | |
| 4 | Жол транспортунун коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы контролдук-көзөмөл бөлүмүнүн ишине жалпы жетекчиликти ишке ашыруу жана контролдук-көзөмөл бөлүмдөрүнө жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик алуу. Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жол кыймылынын коопсуздугуна текшерүү жүргүзүү. Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо жаатындагы ченемдик укуктук жана башка актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу жана/же бекитүү. Өз ыйгарым укуктарынын | Суу транспорту жана сүзүүчү каражаттар, темир жол транспорту, дөңгөлөктүү транспорт каражаттары чөйрөсүндөгү техникалык регламенттердин талаптарынын сакталышын контролдоо жана көзөмөлдөө маселелерин жөнгө салуучу ЧУАлардын талаптарын бузуу мүмкүндүгү | Системалуу | Орто | Жол-транспорт коопсуздук чөйрөсүндө контролдоо жана көзөмөлдөө башкармалыгы | Начальник | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | иштеп чыгуу жана/же бекитүү. Өз ыйгарым укуктарынын чегинде жарандардын жана юридикалык жактардын кайрылууларын кароо жана кеңеш берүү | | | | | | |
| 5 | ТКМнин борбордук аппаратында бош мамлекеттик администрациялык кызмат орундарын ээлөө үчүн кадрлардын резервин түзүү, карьералык пландоо жана кадрларды өнүктүрүү боюнча иштерди уюштуруу. ТКМнин кызматкерлерин ротациялоо схемасын иштеп чыгуу боюнча сунуштарды даярдоо. ТКМнин кызматкерлери эмгек тартибин жана ички эмгек тартибин сактоосуна контролдук кылуу. Чет өлкөлөргө стажировкага, кайра даярдоого жана квалификациясын жогорулатууга жиберилген кызматкерлерди тандоо жана эсепке алууну жүргүзүү. Тармактын кызматкерлерин мамлекеттик сыйлыктарга жана ТКМнин сыйлыктарына көрсөтүү. Кызматтык иликтөөлөрдү жүргүзүү боюнча комиссиялардын ишин уюштуруу, эмгек жана аткаруу | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:<br>– ТКМнин борбордук аппаратында ченемдик укуктук, ведомстволук, локалдык актылардын, бош мамлекеттик администрациялык кызмат орундарын ээлөөгө конкурсту уюштурууну жөнгө салуучу актылардын талаптарын бузуу мүмкүндүгү;<br>– сыйлыктарга көрсөтүү;<br>– ТКМнин борбордук аппаратынын мамлекеттик кызматчылары тарабынан эмгек жана аткаруу тартибин бузууларды эсепке алуу, аларга карата тартиптик жаза чараларын колдонуу;<br>– жеке кызыкчылыктардын болушу (кызыкчылыктардын кагылышы);<br>– кызматкерге бир жактуу мамиле;<br>– структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери/кызматкерле-ри/конкурстук комиссиянын жана баалоо комиссиясынын | Системалуу | Төмөн | Адам ресурстары бөлүмү | Башчы | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | тартибин бузууга жол берген ТКМнин борбордук аппаратынын мамлекеттик кызматчыларына тартиптик жаза колдонуу боюнча сунуштарды даярдоо жана киргизүү | мүчөлөрү менен макулдашуу мүмкүндүгү | | | | | |
| 6 | МЖӨ жана маалыматтык технологиялар жаатындагы долбоорлорду талкуулоо үчүн кызыкдар тараптар менен жумушчу жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү | Кызыкчылыктардын кагылышуусу пайда болуусу мүмкүн, туура эмес маалымат берүү | **Кырдаалдык** | **Төмөн** | **Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жана санариптештирүү бөлүмү** | **Башчы** | |
| 7 | ЧУАлардын жана башка актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу, кароо жана бекитүү.<br>Укуктук камсыздоо бөлүмүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча жарандардын арыздарын, даттануулларын жана кайрылууларын кароо.<br>ТКМнин түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана ведомстволук уюмдардын ишин укуктук камсыздоо жана укуктук камсыздоо боюнча координациялоо жана ТКМнин ишмердүүлүгүн укуктук камсыздоо.<br>Укуктук экспертиза жүргүзүү жана корутундуларды берүү.<br>ТКМнин укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын сот органдарында көрсөтүү | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:<br>– жарандардын арыздарын, даттанууларын жана кайрылууларын кароонун жыйынтыгы боюнча бузуу фактыларын жашыруу;<br>– кызыкдар адам үчүн жагымдуу шарттарды түзүү үчүн доо коюуда сүйлөшүп алууларга жол берилиши (доону кайтарып берүү жана/же кароосуз калтыруу, соттук териштирүүнү кечеңдетүү);<br>– ишкердик субъекттеринин жеке кызыкчылыктарын мамлекеттин кызыкчылыгына зыян келтирип жылдыруу;<br>– атайылап негизсиз укуктук корутундуларды чыгаруу;<br>– сот ишин сотто кароо;<br>– доону өзгөртүү, укук | **Системалуу** | **Төмөн** | **Укуктук камсыздоо бөлүмү** | **Башчы** | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | бузуучунун пайдасына доону четке кагуу боюнча дискрециялык ыйгарым укуктарды пайдалануу | | | | | |
| 8 | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Регламентине, ТКМнин Регламентине, Кыргыз Республикасындагы иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускамага ылайык ишти уюштуруу.<br>Жогорку мамлекеттик органдардын жана ТКМнин жетекчилигинин көрсөтмөлөрүнүн жана ЧУАлардын аткарылышын контролдоо.<br>ТКМнин түзүмдүк бөлүмдөрүндө, ТКМнин ведомстволук уюмдарында аткаруучулук тартиптин абалына талдоо жүргүзүү. ТКМнин жетекчилиги үчүн контролдук документтерди аткаруу тартибинин жалпы абалы боюнча материалдарды даярдоо.<br>ТКМнин жетекчилиги менен макулдашуу боюнча ТКМнин ведомстволук ишканаларынын жана уюмдарынын иш кагаздарын жүргүзүү боюнча ишин текшерүүнү уюштуруу, текшерүүлөрдүн жыйынтыгында ТКМнин жетекчилигине | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:<br>– ведомстволук уюмдарда жана ишканаларда иш кагаздарын жүргүзүү эрежелерин сактабоо фактыларын жашыруу мүмкүндүгү;<br>– ТКМнин түзүмдүк бөлүмдөрүндө, ведомстволук уюмдарында жана ишканаларында аткаруучулук тартиптин абалын жашыруу, аткаруу тартибин бузган ТКМнин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, уюмдарынын жана ишканаларынын айрым жетекчилерин жоопкерчиликтен куткарууга аракет кылуу | Кырдаалдык | Төмөн | Иш кагаздарын жүргүзүү жана контролдоо бөлүмү | Башчы | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | аныкталган кемчиликтерди четтетүү жана ишин жакшыртуу жөнүндө сунуштарды киргизүү | | | | | | |
| 9 | Орнотулган эрежелердин негизинде бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту жалпы уюштурууну ишке ашыруу.<br>ТКМнин борбордук аппаратынын отчеттук финансылык жылга чыгымдар сметасын (бюджеттик жана атайын каражаттарды) түзүүгө катышуу.<br>ТКМнин борбордук аппаратынын дебитордук жана кредитордук карыздарына туруктуу контролду ишке ашыруу.<br>ТКМнин борбордук аппараты жана автомобиль жолдорун реабилитациялоо долбоорлук иштери боюнча негизги каражаттарды жана башка товардык-материалдык баалуулуктарды кабыл алуу-өткөрүп берүүгө көзөмөлдү ишке ашыруу | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:<br>– бюджеттик каражаттарды жана тармактагы кирешелүү ишмердиктен алынган каражаттарды максатсыз пайдалануу мүмкүндүгү;<br>– мекеменин мүлкүн (жабдууларды, жайларды ж.б.) максатсыз пайдалануу;<br>– кызматтык милдеттерин жана кызмат абалын ач көздүк менен пайдалануудан мыйзамсыз киреше алуу мүмкүндүгү | Потенциалдуу | Орто | Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмү | Башчы | |
| 10 | ТКМнин жана анын ведомстволук түзүмдөрүнүн ишин маалыматтык камсыздоо.<br>ТКМнин системасынын ишмердүүлүгүн ММКда чагылдыруу боюнча макалаларды талдоо, анын ичинде, ТКМнин жетекчилигине | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:<br>– айрым кызмат адамдары тарабынан мыйзам бузуу фактыларын камтыган басылмалардын фактыларынын жашыруу мүмкүндүгү; | Кырдаалдык | Төмөн | Маалыматтык саясат сектору | Пресс-катчы, башчы | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | тармактагы мыйзам бузууларды чагылдыруу жөнүндө, мыйзамдарды бузуу фактыларын камтыган басылмалар жөнүндө маалыматтарды жеткирүү.<br>Жарыяланган терс мазмундагы материалдарда чагылдырылган кемчиликтерди четтетүү боюнча көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө ЖМКга жоопторду даярдоо | – айрым адамдардын мыйзам бузууларын ачыкка чыгаруу жөнүндө коркутууларды ишке ашыруу жана мындай бузуулар жөнүндө маалыматты жалпыга маалымдоо каражаттарына берүү | | | | | |
| 11 | ТКМнин тармактарында коррупциялык тобокелдиктерге баа берүүнү жана башкарууну жүргүзүү, аныкталган тобокелдиктерди азайтуу жана жоюу (башкаруу) боюнча сунуштарды даярдоо.<br>Кызыкчылыктардын карама-каршылыгына алып келген себептерди жана шарттарды аныктоо жана чечүү боюнча иштерди жүргүзүү.<br>ТКМнин бөлүмдөрү жарандардын жана юридикалык жактардын арыздары жана кайрылуулары менен иштөөсүнө, анын ичинде "ишеним телефону" жана электрондук почта аркылуу келип түшкөн кайрылуулар менен иштөөсүнө, аларда коррупциялык фактылар жөнүндө маалыматтардын болушуна талдоо жүргүзүү. | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:<br>– кызыкчылыктар кагылышынын белгилүү фактыларын жашыруу мүмкүндүгү;<br>– ТКМнин кызматкерлери тарабынан коррупциялык укук бузуулардын белгилүү фактыларын жашыруу мүмкүндүгү, мындай кызматкерлерге коррупцияга каршы мыйзамдарга ылайык тиешелүү чараларды көрбөө | Кырдаалдык | Төмөн | - | Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | мындай каттарды жана кайрылууларды текшерүү, коррупциялык тобокелдиктерди жана укук бузууларды четтетүү боюнча жумушчу комиссиялардын ишине катышуу, коррупциялык тобокелдиктерди жана бузууларды чечүү маселелери боюнча сунуштарды жана рекомендацияларды даярдоо.<br>Коррупция маселелери, коррупциялык факторлор жана коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоолорго мониторинг жүргүзүү боюнча материалдарды даярдоо жана ТКМнин жетекчилигине берүү, жарандардын жана юридикалык жактардын кайрылууларын кароо, алардын укуктарын коррупциялык кол салуулардан коргоо, коррупциянын алдын алуу жаатында мамлекеттик органдын жарандык сектор менен өз ара аракеттенүү практикасын талдоо | | | | | | |
| 12 | Конкурстук документтердеги критерийлерди бекитүү.<br>Конкурстук арыздарды баалоо.<br>Сатып алуу жол-жоболорунун жыйынтыгы боюнча жеңүүчүнү аныктоо жөнүндө чечимди | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:<br>– жеке кызыкчылыктардын болушу (кызыкчылыктардын кагылышы);<br>– конкурстук комиссиянын | Потенциалдуу | Орто | - | Сатып алуулар боюнча конкурстук комиссиянын мүчөсү | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | кабыл алуу | айрым мүчөлөрүнүн мүмкүн болгон макулдашып алуусу;<br>– товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү айрым жеткирип берүүчүлөрүнүн кызыкчылыктарын жылдыруу мүмкүндүгү | | | | | |
| 13 | Департаменттин ишмердигине жалпы жетекчиликти жеке башкаруу принциптеринде ишке ашыруу, жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик алуу.<br>Борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жобону жана Департаменттин кызматкерлеринин кызматтык нускамаларын бекитүү.<br>Департаменттин директорунун орун басарларына ыйгарым укуктарды белгилөө, Департаменттин компетенциясына кирген оперативдүү, уюштуруучулук, кадрдык, финансылык, өндүрүштүк-чарбалык жана башка маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктардын бир бөлүгүн аткарууну өткөрүп берүү.<br>Департаменттин жана анын аймактык башкармалыктарынын түзүмүн, башкаруу схемасын | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:<br>– Департаменттин ишине жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырууда кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу мүмкүндүгү;<br>– Департаменттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, аймактык башкармалыктарынын жетекчилерин даярдоодо мыйзамда каралбаган жеңилдиктерди берүү (протекционизм);<br>– кызматтык милдеттеринде каралган иш-чараларды уюштурууну, пландаштырууну жана өткөрүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук, ведомстволук, локалдык актылардын талаптарын бузуу | Системалуу | Жогорку | Департамент | Директор | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жана штаттык санын ТКМнин бекитүүсүнө киргизүү.<br>Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана эмгек чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык борбордук аппараттын кызматкерлерин, аймактык башкармалыктардын жетекчилеринин орун басарларын, аймактык башкармалыктардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин жана Департаменттин жана башка адамдарын кызматка дайындоо жана бошотуу ТКМги тарабынан аныкталган кызматтык орундардын номенклатурасына ылайык жүргүзүлөт.<br>Борбордук аппараттын кызматкерлерине, аймактык башкармалыктардын жетекчилеринин орун басарларына, Департаменттин аймактык бөлүнүштөрүнүн жетекчилерине сыйлоо жана тартиптик жазалоо чаралары.<br>Департаменттин компетенциясынын чегинде бардык кызматкерлери аткаруу үчүн милдеттүү болгон Департаменттин буйруктарын жана башка тескемелерин чыгаруу.<br>Департаменттин аймактык | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | башкармалыктарынын жетекчилеринин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келген буйруктарын жана тескемелерин жокко чыгаруу. Борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана Департаменттин аймактык башкармалыктарынын жетекчилеринин доклаттарын жана билдирүүлөрүн угуу, алардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча кеңешмелерди өткөрүү. ТКМне Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипте Департаменттин мамлекеттик жарандык кызматчыларына класстык чендерди ыйгаруу боюнча сунуштарды киргизүү. ТКМне, Департаменттин өзгөчө айырмаланган кызматкерлерин жана транспортто чарба жүргүзгөн субъекттердин кызматкерлерин мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоо жана ардак наамдарды ыйгаруу жөнүндө сунуштарды белгиленген тартипте киргизүү. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте башкармалыктын мүлкүн жана каражаттарын | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | тескөөгө Департаменттин атынан ишеним кат берүү. ТКМнин буйругунун негизинде, акча каражаттарын тескөө жана мүлктү башкаруу боюнча ыйгарым укуктарды берүү, бүтүмдөрдү, макулдашууларды, келишимдерди түзүү жана аларды аткаруу боюнча чараларды көрүү. Департаменттин аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерин кызматка дайындоо жана бошотуу жөнүндө, ошондой эле аларды сыйлоо жана тартиптик жаза чараларын колдонуу боюнча ТКМнин ыйгарым укуктарын өткөрүп берүү | | | | | | |
| 14 | Кыргыз Республикасында эл аралык автомобилде жүк ташууну калыптандыруу жана өнүктүрүү жана аларды эл аралык транспорт системасына интеграциялоо. Башка мамлекеттердин компетенттүү органдарынын алдында Кыргыз Республикасынын автомобилде жүк ташуучуларынын кызыкчылыктарын коргоо. Өз компетенциясынын чегинде автомобиль жана суу транспорту, мамлекеттер аралык жана тышкы экономикалык байланыштар жаатындагы | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн: – Департаменттин ишине жалпы жетекчиликти директордун орун басары катары жана директордун милдеттерин убактылуу аткарган учурларда жүзөгө ашырууда жана кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу, Департаменттин бардык кызматкерлеринин ишине таасир этүү мүмкүндүгү; – кызматтык (эмгектик) милдеттерин аткарууда алынган маалыматтарды жеке | Системалуу | Жогорку | Департамент | Директордун орун басары | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга көмөк көрсөтүү.<br>Автомобиль жана суу транспорту чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга катышуу, транспорт комплексинин өнүгүү багыттарына мониторинг жүргүзүү.<br>Ата мекендик жүк ташуучуларга чет мамлекеттердин аймагы аркылуу жүрүүгө, эл аралык автомобиль ташууларын жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу үчүнчү өлкөлөргө/дөн ташууга уруксат берүүнү камсыз кылуу.<br>Тышкы автотранспорт кызматтарын изилдөө.<br>Эл аралык автомобилде жүк ташуу чөйрөсүндө чет мамлекеттер менен эл аралык келишимдердин долбоорлорун даярдоо.<br>Эл аралык жүк ташуу маселелери боюнча мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле чет мамлекеттердин компетенттүү органдары менен өз ара аракеттешүү.<br>Түзүлгөн эл аралык келишимдерге жана | же топтук кызыкчылыктар үчүн пайдалануу, эгерде мындай маалымат расмий таркатылууга тийиш эмес болсо;<br>– кызматтык милдеттеринде каралган иш-чараларды уюштурууну, пландоону жана өткөрүүнүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук, ведомстволук, локалдык актылардын талаптарын бузуу;<br>– белгиленген эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга ылайык чет мамлекеттерден, Кыргыз Республикасынын транспорт каражаттарынын ушул мамлекеттердин аймагы аркылуу өтүшүнө уруксат берүүчү жеке же юридикалык жактардын документтеринин зарыл санын алууну камсыз кылууда | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | макулдашууларга ылайык чет мамлекеттерден Кыргыз Республикасынын автотранспорт каражаттарынын чет мамлекеттердин аймагы аркылуу өтүүсүнө уруксат берүүчү документтердин зарыл санын алууну камсыз кылуу.<br>Кыргыз Республикасынын юридикалык жана жеке жактарынын транспорт каражаттарына чет мамлекеттердин аймагы аркылуу жүрүүсүнө уруксат берүү.<br>Кыргыз Республикасынын автотранспорт каражаттарынын чет мамлекеттердин аймактарына жана чет өлкөлүк транспорт каражаттарынын Кыргыз Республикасынын аймагына кирүү, чыгуу жана транзиттик жүрүшү жөнүндө маалыматтарды даярдоо.<br>Кыргыз Республикасынын компетенттүү органдары менен макулдашуу боюнча эл аралык автомобиль ташууларынын катышуучуларына визалык колдоо көрсөтүү.<br>Тиешелүү мамлекеттердин компетенттүү транспорттук органдары менен эл аралык автобустук каттамдарды ачууга уруксаттарды макулдашуу.<br>Ата-мекендик автотранспортчуларга эл аралык | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | автотранспорттук ташуулардын шарттары жана тартиби жөнүндө акысыз кызматтарды көрсөтүү жана зарыл маалыматтарды берүү.<br>Жеке жана юридикалык жактардын каттары, арыздары жана даттануулары менен иштөөнү уюштуруу.<br>Транспорттук жана автомобиль транспортун эксплуатациялоого байланышкан башка кызмат көрсөтүүлөр рыногунун нормалдуу иштеши үчүн шарттарды түзүү, транспорттук кызмат көрсөтүүдө сергек атаандаштыкты өнүктүрүү.<br>Транспорт чөйрөсүндөгү чарбакер субъекттердин транспорттук ишин жөнгө салуу.<br>Юридикалык жана жеке жактардан лицензия алуу үчүн келип түшкөн арыздарды жана документтерди кароо.<br>Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу туруктуу эл аралык каттамдарда жүргөн чет өлкөлүк ташуучулардын автотранспорт каражаттарынын өтүүсүнө уруксат берүү.<br>Юридикалык жана жеке жактар тарабынан эл аралык ташууда жүк ташууну уюштурууга лицензия берүү.<br>Автомобиль транспортунун ишин, уруксаттарды жана | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | лицензияларды берүүнүн шарттарын жана тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууга катышуу.<br>Эл аралык жана облустар аралык катнаш үчүн автобустук каттамдарды ачуу.<br>Эл аралык жана аймактар аралык каттамдардын схемаларын түзүү.<br>Ташуучулардын өтүнүчү боюнча автобустардын маршруттарынын схемаларын жана графиктерин макулдашуу.<br>Облустар аралык автобустук каттамдардын ырааттамасын иштеп чыгуу жана графигин түзүү.<br>Эл аралык жана облустар аралык кыймыл үчүн автобустук каттамдарды жүк ташуучуларга бекитип берүү боюнча Департаменттин тиешелүү чечимдерин даярдоо.<br>Калктан жана жүргүнчүлөрдөн түшкөн арыздар жана даттануулар боюнча иш алып баруу, аларды текшерүүнү уюштуруу жана алар боюнча тиешелүү чараларды көрүү.<br>Андан ары тейлөө үчүн каттамдар даярдалган юридикалык жактар менен келишимдерди түзүү.<br>Айдоочулардын эмгек жана эс | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | берүү боюнча иштерди уюштуруу жана жүргүзүү | | | | | | |
| 15 | Департамент жөнүндө жобонун, Департаменттин жетекчилигинин чечимдеринин жана көрсөтмөлөрүнүн негизинде транспорттук көзөмөл бөлүмүнүн ишине жалпы жетекчилик кылуу жана башкармалыкка жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн жеке жоопкерчиликти тартуу.<br>Транспорттук көзөмөл бөлүмүнүн ишин учурдагы жана перспективдүү пландаштырууну ишке ашыруу, транспорттук көзөмөл бөлүмүнүн кызматкерлеринин функционалдык милдеттерин бөлүштүрүү, алдыга коюлган милдеттердин жана тапшырмалардын өз убагында жана сапаттуу аткарылышын контролдоо.<br>Транспорттук көзөмөл бөлүмүнө жүктөлгөн тапшырмалардын жана көрсөтмөлөрдүн аткарылышын уюштуруу.<br>Департаменттин директорунун буйругу менен түзүлгөн комиссиялардын ишине жетекчилик кылуу.<br>Транспорттук көзөмөл бөлүмүндө ички иш күнүнүн жана тартиптин сакталышын | Мыйзам бузуулар төмөнкү учурларда болушу мүмкүн:<br>– Департаменттин транспорттук көзөмөл бөлүмүнүн ишине жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырууда кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу, башкармалыктын кызматкерлеринин жана Департаменттин аймактык башкармалыктарынын транспорттук көзөмөл бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин ишине таасир көрсөтүүдөн пайдалануу;<br>– кызмат адамдары тарабынан жарандардын же мамлекеттин укуктарын жана кызыкчылыктарын бузууга алып келген ЧУАнын талаптарын бузуу;<br>– жүк ташуучулар жүргүнчү жана жүк ташуунун тартибин сактоо боюнча талаптарды аткарбаган, лицензиялык шарттарды, келишимдерди, жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташууну уюштуруу эрежелерин сактабаган учурда жеке же юридикалык жактын кызыкчылыктарын колдоо; | Системалуу | Орто | Департаменттин транспорттук көзөмөл башкармалыгы | Начальник | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
